**К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби**

**Чоң-Далы** **2022-жыл 23-декабрь**

**№85/1 Буйруктан көчүрмө**

**Жаңы жылдык майрамдар жана кышкы каникул мезгилинде К. Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 21-декабрындагы №2885/5 буйругунун негизинде.

Ысык-Ата районунун билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 22-декабрындагы №65 буйругунун негизинде

**Буйрук кылам:**

1. К. Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы жаңы жылдык майрамдар жана кышкы каникул мезгилинде өзгөчө кырдаалдардын пайда болушуна шарт түзгөн себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган ишти күчөтүү боюнча иш-чаралардын планы бекитилсин;
2. К. Маликов атындагы ЖББОМ администрациясы жана класс жетекчилерине:
   - 1.1 Ушул буйруктун биринчи пункту менен бекитилген иш-чаралар планын аткарууга алышсын;
   - 1.2 Кышкы каникул учурунда окуучулардын эс алуусун жана коопсуздугун уюштуруу боюнча чаралар көрүлсүн;

-К. Маликов атындагы ЖББОМ де кышкы каникул мезгилинде өзгөчө кырдаалдардын пайда болушуна шарт түзгөн себептерди жана шарттарды жоюуга багытталган ишти күчөтүү боюнча мектептин педагогикалык жана техникалык курамына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен бирге кол койдуруп тааныштырып чыгуу;

-Жаңы жылдык майрамдарда жана кышкы каникулда жол кыймылынын эрежелерин жана өрт коопсуздугунун эрежелерин, электр коопсуздугу, ачык отту, от алуучу, пиротехникалык жана башка жаракат тийгизүүчү каражаттарды коопсуз пайдалануу боюнча класстык сааттарды, ал эми ата-энелердин жыйындарын өткөрүү боюнча жеке жоопкерчиликти класс жетекчилерге жүктөө жана класстык журналга милдеттүү түрдө жазуу;

-Кышкы каникул мезгилинде окуучулардын эс алуусун уюштурууда алардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн класс жетекчилер жоопту болушсун;

3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Э. Карыбековага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Чортонова Н.Т.